КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

23.01.17 № 58 Бишкек ш.

## Үй-бүлөлүк медицина жана жалпы дарыгерлер практикалык борборлорунун 2017-жылга карата ден соолукту чыңдоо программалары боюнча иш чараларынын планын бекитүү жөнүндө

Саламаттык сактоонун Улуттук “Ден соолук” программасын ишке ашыруу жана баштапкы медициналык-санитардык жардам (БМСЖ) деңгээлинде калк арасында ден соолукту чыңдоо боюнча алдын алуу программаларынын натыйжалуулугун жогорулатууга жергиликтүү коомчулукту активдештирүү жана тартуу максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Үй-бүлөлүк медицина (ҮМБ) жана жалпы дарыгерлер практикалык борборлорунун (ЖДПБ) 2017-жылга карата ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чараларынын планы бекитилсин (тиркеме);

2. РДЧБнын директору (Г.Т. Айтмурзаева) камсыз кылсын:

2.1. өтүлүүчү иш-чараларды уюштуруу жана методикалык жардам көрсөтүү;

2.2. ден соолукту чыңдоо программаларына мониторинг жүргүзүү;

2.3. ден соолукту чыңдоо программаларын колдогон донорлордун ишмердүүлүгүн координациялоо.

3. Областтардын, Ош ш., саламаттык сактоо координаторлору, Бишкек шаардык саламаттык сактоо департаментинин директору областтык, райондук, шаардык ҮМБ/ЖДПБнын ден соолукту чыңдоо боюнча ишмердүүлүктөрүн координациялоону ушул тиркемеге ылайык камсыз кылышсын.

**4.** ҮМБ/ЖДПБ директорлору камсыз кылсын:

4.1. ден соолукту чыңдоо жана оорулардын алдын алуу боюнча иш-чараларды уюмдун бекитилген пландарына ылайык ишке ашыруу;

4.2. ден соолукту чыңдоо кабинетинин адистеринин кварталда бир (февраль, апрель, сентябрь, декабрь) бекитилген айылдарга чыгуусу ушул тиркемеге ылайык уюмдун бюджеттик каражаттарынын эсебинен;

4.3. ушул тиркемеге ылайык иш-чараларды аткаруу;

4.4. отчеттуулуктун бекитилген формаларына ылайык квартал сайын отчетторду берүү.

**5.** Буйруктун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү министрдин орун басары О.В. Горинге жүктөлсүн.

**Министр** **Т.А Батыралиев**

Лист согласования
к приказу Министерства здравоохранения Кыргызской Республики

**Об утверждении плана мероприятий ЦСМ\ЦОВП
по программам укрепления здоровья
на 2017 год**

**Приказ подготовлен РЦУЗ:**

| | |
|---|---|
| Исполнитель<br>Директор РЦУЗ<br>*Дата внесения* | Г.Т.Айтмурзаева<br>*«10» 01 2017г.* |

**Согласовано:**

| | |
|---|---|
| Статс–секретарь<br>*Дата согласования* | Ж.И.Кийизбаева<br>*«18» 01 2017г.* |
| Заместитель министра<br>*Дата согласования* | А.Дж.Мурзалиев<br>*«17» 01 2017г.* |
| Заместитель министра,<br>Главный санитарный врач КР<br>*Дата согласования* | б/л О.В.Горин<br>*«__» ____ 2017г.* |
| Начальника УОМПиЛП<br>*Дата согласования* | С.Ш.Тойматов<br>*«16» 01 2017г.* |
| Заведующая ООЗ<br>*Дата согласования* | Б.А.Исмаилова<br>*«14» 01 2017г.* |
| Зав. юр. сектора<br>*Дата согласования* | И.Т.Джумабаева<br>*«11» 01 2017г.* |

гл. спец. Исманов В.

Тиркеме
КР ССМнин буйругуна
№58 2017ж
23.01.17ж.

**ҮМБ/ЖДПБ 2017-жылга карата ден соолукту чыңдоо программалары иш-чараларынын планы**

| Мөөнөттөрү | Иш-чаралардын аталышы | Ишмердүүлүгү | Жоопкерчиликтүү | Өткөрүлө турган жер | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|---|
| ***1. Уюштуруучулук-методикалык иш*** | | | | | |
| ***1.1.Кеңеш берүү жана методикалык жардам көрсөтүүнү камсыздоо*** | | | | | |
| Квартал сайын | КДК менен жолугушууларды өткөрүү | Иш-чараларды талкуулоо жана пландоо | рай., шаар. ҮМБ ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор | |
| Бир жылдын ичинде график боюнча | РДК отурумдарында рай. ҮМБ адистеринин катышуусу | Иш-чараларды талкуулоо жана пландоо | рай ҮМБ ДЧКсы | Райондук борборлор | |
| ҮМБ жмуштарынын планы боюнча | Дарыгерлер жана медайымдар конференцияларында, медициналык кеңештерде бет ачарларды, чыгып сүйлөөчү сөздөрдү даярдоо жана өткөрүү | ҮМБ, ЖДПБ, ҮДТ/ФАПтын медициналык кызматкерлерине ден соолукту чыңдоо программалары жана оорулардын алдын алуу боюнча жайылтылган иш-чаралар тууралуу маалымат берүү | ҮМБ\ЖДПБ обл, шаар., рай. ДЧК | Обл., шаар., рай ҮМБ | |
| ҮДБ иштеринин пландары боюнча | ҮДТ\ФАП медициналык кызматкерлери үчүн семинарларды өткөрүү | ҮДТ\ФАП медициналык кызматкерлерин өткөрүлүп жаткан кампаниялар боюнча окутуу | ҮМБ\ЖДПБ обл, шаар., рай. ДЧК | ҮМБ/ҮДТ/ЖДПБ | |
| Бир жылдын ичинде | Өнөктөштөр жана донорлор менен жер-жерлерде тегерек столдорду, жумушчу жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү | Өнөктөштөр жана донорлор менен биргелешкен иш-чараларды талкуулоо<br><br>Өткөрүлүп жаткан иш-чарларга өнөктөштөрдү тартуу | Обл., шаар., рай. ҮМБ ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлору | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Апрель | АДКлардын өзүн өзү баалоосун уюштуруу жана аны өткөрүү | АДКларга өзүн өзү баалоо жүргүзүү үчүн айылдарга баруу | Рай. ҮМБ ДЧКсы | Айылы | ҮДБ/ЖДПБ бюджети |
| ***1.2. Ишке ашырылган программаларга мониторинг жүргүзүү*** | | | | | |
| Жылына 1 жолу | «Ден соолук» приориеттүү программалары боюнча мониторинг жүргүзүү | Ишке ашырылган программаларга тандалма мониторинг жүргүзүү | РДЧБ, РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ ДЧКсы | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | SWAp |
| Жылына 1 жолу | шаар стратегиясын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү | Шаарларда жана райондук борборлордо ишке ашырылып жаткан программаларга тандалма мониторинг жүргүзүү | РДЧБ, РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ ДЧКсы | Шаарлар, райондук борборлор | |
| ***1.3. Ишке ашырылып жаткан программалардын отчеттуулугу*** | | | | | |
| Квартал сайын 1 жолу | Кварталдык отчетторду өз учурунда берүү | 50-2 отчеттук формасын даярдоо<br>50-1 отчеттук формасын даярдоо<br>Сүрөттөө отчетун даярдоо | РДЧБТФ, БДЧБ, обл. ҮМБ | БДЧБ, обл. ҮДБ ДЧКсы, рай. ҮМБ | |
| Жылына 1 жолу | Конъюнктурдук отчет жана 50-форманын отчетун өз учурунда алып келүү | Отчеттук 50-формасын даярдоо<br>Конъюнктурдук отчет даярдоо | РДЧБТФ, БДЧБ, обл. ҮМБ ДЧКсы | РДЧБТФ, БДЧБ, обл. ҮМБ ДЧКсы, рай. ҮМБ | |
| ***2. “Ден соолук” программасынын алкагында ден соолукту чыңдоо боюнча иш-чараларды камсыздоо*** | | | | | |
| ***2.1. Кургак учуктун алдын алуу*** | | | | | |
| Февраль-март | «Кургак учуктан сактанабыз” | Обл. ҮМБ ДЧКсы үчүн рефреш-тренинг өткөрүү<br><br>Рай. ДЧК, ҮДТ/ФАП, АДК, КДК окутуу<br><br>Диний лидерлер менен иш-чаралар | РДЧБ, РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, ДЧК, обл. ҮМБ, рай. ҮМБ | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | ДКЖА/SDC ЮСАИД КР УКЖК “Кургак учукту жеңебиз” долбоору |
| ***2.2. Эне жана баланы коргоо*** | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Январь - апрель | "1000 күн. Мүмкүнчүлүктөр терезеси" коммуникациялык стратегиясы | КР ССМ 2016-ж. 7-октябрындагы №616 "1000 күн. Мүмкүнчүлүктөр терезеси" коммуникациялык стратегиясын бекитүү тууралуу" буйругуна ылайык иш-чараларды өткөрүү | | Жалал-Абад, Нарын областтары | SPRING долбоору |
| Апрель-декабрь | Иммунопрофилактика | Иммунопрофилактика боюнча 2017-жылга карата коммуникациялык стратегия жана планды ишке ашыруу | РДЧБ, РИБ | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | ВИГА ЮНИСЕФ |
| Май | "Коопсуз эне болуу" | Рай. ҮМБ ДЧКнын ҮМБ/ЖДПБнын каражаттарынын эсебинен АДК, ҮДТ/ФАПтарды окутуу үчүн баруулары<br>Шаар жана райондук борборлордо КДКларды окутуу | РДЧБ, РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. рай. шаар.ҮМБ ДЧКлары | Чүй, Ысык-Көл, Нарын жана Талас областтарынын шаардык, райондук борборлору, айылдар | ҮМБ/ЖДПБ бюджети |
| Февраль-апрель | | Обл. ҮМБ ДЧК үчүн рефреш-тренинг өткөрүү<br>Рай. ҮМБ ДЧК ҮМБ/ЖДПБнын каражаттарынын эсебинен АДК, ҮДТ/ФАПтарды окутуу үчүн баруулары<br>Шаар жана райондук борборлордо КДКларды окутуу | | Ош, Жалал-Абад, Баткен областтарынын шаардык, райондук борборлору, айылдар | ЮНИСЕФтин түштүк кеңсеси<br>ҮМБ/ЖДПБ бюджети |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| ***2.3. Инфекциялык эмес оорулардын алдын алуу*** | | | | | |
| Сентябрь | "Өзүңдүн кан басымыңды билип ал" акциясы | Рай. ҮМБ ДЧКсынын ҮМБ/ЖДПБнын каражаттарынын эсебинен АДК, ҮДТ/ФАПтарды окутуу үчүн баруулары<br><br>Шаар жана райондук борборлордо КДКларды окутуу<br><br>Шаарларда, райондук борборлордо, айылдарда калк арасындагы скрининг<br>Жумуш орундарындагы уюштурулган жамааттардагы АКБ скрининги | РДЧБ, РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ, рай. ҮМБ ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар<br><br>Шаар жана райондук борборлордогу уюштурулган жамааттар | ҮМБ/ЖДПБ бюджети |
| Январь-Апрель | Жалпы билим берүү мектептериндеги башталгыч класстын окуучуларынан арасындагы ашыкча салмак жана семирүү тенденцияларын баалоо боюнча изилдөөлөр | Башталгыч класстардын окуучуларынын арасында тандалма изилдөө жүргүзүү | КР ССМинин №847 от 30.12.2016-ж. №847 буйругу боюнча жумушчу топ | БИМ менен макулдашуу боюнча тандалган мектептер | Европалык ДССУ бюросу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| 1-жарым жылдык | КРнын "Йод жетишсиздигинин алдын алуу тууралуу" Мыйзамын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү | Республика боюнча тандалма мониторинг жүргүзүү | Обл. ҮМБ ДЧКсы | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | ЮНИСЕФ |
| 1-жарым жылдык | Мониторингдин жыйынтыктары боюнча тегерек столдор | Мониторингдин жыйынтыктарын тегерек столдордо талкуулоо | РДЧБ, обл. ҮМБ ДЧКсы | Областтык мамадминистрация лар | ЮНИСЕФ |
| *2.4. АИВ инфекциясынын алдын алуу* | | | | | |
| Ноябрь-декабрь | Калк арасындагы маалыматтык кампания | Рай. ҮМБ ДЧКсынын ҮМБ/ЖДПБнын каражаттарынын эсебинен АДК, ҮДТ/ФАПтарды окутуу үчүн айылдарга баруулары<br><br>КДК маалыматтык кампаниясын өткөрүү | РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ, рай. ҮМБ ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | ҮМБ/ЖДПБ бюджети |
| *3. Санитария жана гигиена боюнча аракеттер* | | | | | |
| Июнь-июль | Курч кармаган ичеги-карын ооруларынын алдын алуу | Бишкек, Ош ш. ҮМБ, обл. ҮМБ ДЧК үчүн рефреш-тренингдерди өткөрүү<br><br>Жер-жерлерде АДК жана КДК менен санитария жана гигиена боюнча аракеттердин алгоритми боюнча билим берүү иштерин жүргүзүү | РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 19-ноябрь | Бүткүл дүйнөлүк Даараткана күнүнө карата акция | Санитардык объектилерди тазалыкта кармоо боюнча маалыматтык кампания өткөрүү | РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл., рай. ҮМБ ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | |
| Эпидкырдаал боюнча | Эпидкырдаалдар боюнча алдын алуу иш-чаралары | Маалыматтык- билим берүү материалдарын жайылтуу<br><br>ЖМКда эпидкырдаал боюнча маалыматты чагылдыруу<br><br>АДК жана КДК аркылуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ, рай. ҮМБ ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | ҮМБ/ҮДТ/ЖДПБ |
| ***4. Билим берүү системасына алдын алуу программаларын жайылтуу*** | | | | | |
| Апрель | Мектептерде сергек жашоо мүнөзү боюнча программаларды илгерилетүү | Мугалимдер үчүн “Өспүрүм-кыздардын ден соолугу” колдонмосун иштеп чыгуу | РДЧБ, БИМ макулдашуу боюнча | Ош жана Чүй областтарынын пилоттук райондору | ЮНИСЕФ/ Save the children» долбоору |
| | | Тарбиялык иштер боюнча окуу бөлүмүнүн башчыларын маңзаттарды пайдалануунун алдын алуу боюнча окутуу | | Баткен жана Чүй областы | CADAP-6 долбоору |
| Жылына бир жолу | Мектептерде ден соолукту чыңдоо боюнча программаларды жайылтууга мониторинг жүргүзүү | Мектептердеги ишке ашырылып жаткан программаларга тандалма мониторинг жүргүзүү | РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир жылдын ичинде | Кесиптик лицейлер жана колледждерде сергек жашоо мүнөзү (СЖМ) боюнча программаларды илгерилетүү | Республиканын колледждеринде СЖМ боюнча мугалимдерди окутуу | РДЧБ, БИМ, РИМБ | Республиканын колледждери | РДЧБ, РИМБ, БИМ |
| Сентябрь | | Кесиптик лицейлерде СЖМ боюнча мониторинг жүргүзүү | РДЧБ, РИМБ, БИМ | Бишкек, Ош шаарлары | РИМБ, БИМ |
| ***5. ДССУнун аккорддук күндөрү*** | | | | | |
| Бир жылдын ичинде | ДССУнун аккорддук күндөрү | ДССУнун аккорддук күндөрүн КР ССМинин 9.02.11-ж. № 51 "ДССУнун аккорддук күндөрүн уюштуруу жана өткөрүү боюнча жобосун бекитүү тууралуу" буйругунун негизинде өткөрүү | РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ, рай. ҮМБнын ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | ҮМБ/ЖДПБ, ЖӨБО, өнөктөштөр |
| ***6. ЖМКлар менен иштөө*** | | | | | |
| Бир жылдын ичинде | | Ден соолук маселелерин басылмаларда, радио, ТК жана социалдык түйүндөрдө чагылдыруу | РДЧБТФ, Бишкек ш., СД, БДЧБ, обл. ҮМБ, рай. ҮМБнын ДЧКлары | Шаарлар, райондук борборлор, айылдар | |

Кыскартуулардын тизмеси:

БДЧБ – Бишкек ден соолукту чыңдоо борбору

АИВ – Адамдын иммунукем вирусу

ДССУ – Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму

ҮДТ – үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу

СД – Саламаттык сактоо департаменти

ДКЖА */SDC* – “Ден соолук көйгөйлөрү боюнча жамааттардын аракеттери” долбоору, Швейцария бюросу

КМДБ –Кыргызстан Мусулмандарынын Дин Башкармалыгы

СЖМ – сергек жашоо мүнөзү

ДЧК – Ден соолук чыңдоо кабинеттери

БИМ – Билим берүү жана илим министрлиги

КДК – коомдук ден соолук комитеттери

ЖӨБО – жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары

РДК – райондук ден соолук комитеттери

РИМБ – Республикалык илимий-методикалык борбор

РДЧБ – Республикалык ден соолукту чыңдоо борбору

РИБ – Республикалык иммунопрофилактика борбору

СКЗ – айылдык ден соолук комитеттери

ЖМК – жалпыга маалымат берүү каражаттары

ЖДПБ –жалпы дарыгерлер практикалык борбору

ҮМБ – үй-бүлөлүк медицина борбору

РДЧБТФ – РДЧБнын түштүк филиалы